Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун
Окумуштуулар Кеңешинин
жыйынында каралды, протокол № 5
31 01 2025-ж.

БЕКИТЕМ
Б.Осмонов ат. ЖАМУнун ректору
_______ К.Ж.Усенов
_____ ______ 202__-ж.

# Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин лицензиялоо, аккредитациялоо жана билим берүүнүн сапаты бөлүмү жөнүндө жобо

*(ББСБнун жобосу 2016-жылдын 8-февралындагы ЖАМУнун Окумуштуулар Кеңешинин № 4-протоколу менен бекитилген. ЛАББСБнун жобосу 2022-жылдын 2-декабрындагы ЖАМУнун Окумуштуулар Кеңешинин №4-протоколу менен бекитилген)*

## 1. Жалпы жобо

1.1. Лицензиялоо, аккредитациялоо жана билим берүүнүн сапаты департаменти (мындан ары - ЛАББСБ) окуу иштери боюнча проректорго баш ийген жана билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, лицензиялоо жана аккредитация боюнча иш алып барган түзүмдүк бөлүм болуп саналат.

1.2. Лицензиялоо, аккредитациялоо жана билим берүүнүн сапаты бөлүмү өз ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына, Кыргыз Республикасынын кесиптик билим берүү уюмдарынын ички сапатын камсыз кылуу системасы жөнүндө типтүү жобого, ЖАМУнун уставына, жылдык иш планы, ошондой эле ушул жобонун негизинде иш жүргүзөт.

1.3. Бөлүм университеттеги структуралык түзүмдөр менен биргеликте факультеттердин, колледждердин, кафедралардын билим сапатын жогорулатуу боюнча ишмердүүлүгүн көзөмөлдөйт.

1.4. Бөлүм Кыргыз Республикасынын стратегиялык өнүгүү багыттарын жана лицензиялоо, аккредитациялоо, билим берүү концепцияларын эске алуу менен ЖАМУнун стратегиялык өнүгүү пландарынын негизинде иш пландарын иштеп чыгат.

## 2. Бөлүмдүн түзүмү

2.1. Бөлүмдүн түзүмү, саны, штаттык жадыбалы университеттин бюджеттик жана бюджеттик эмес финансылык булактарынын негизинде эмгек акы фондусунун чегин эске алуу менен ЖАМУнун ректору тарабынан бекитилет.

2.2. Бөлүмдү университеттин ректорунун буйругу жана окуу иштери боюнча проректордун сунушу боюнча кызматка дайындалуучу жана кызматтан бошотулуучу бөлүм башчы жетектейт.

2.3. Бөлүмдүн жетекчисинин жана кызматкерлеринин укуктары, милдеттери жана талаптары тиешелүү кызматтык нускамалар менен белгиленет.

## 3. Бөлүмдүн негизги максаты

Лицензиялоо, аккредитациялоо жана билим берүүнүн сапаты бөлүмүнүн негизги максаты – билим берүүнүн сапатын башкаруу системасын уюштуруу, өнүктүрүү жана ишке киргизүү, ЖАМУнун жалпы билим берүү тармагында билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жаатындагы саясатын ишке ашыруу.

## 4. Бөлүмдүн милдеттери

***Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу боюнча:***

4.1.1 Билим берүүнүн сапатына дайыма таасир этүүчү башкаруу системасын түзүү жана өркүндөтүү, билим берүү процессинин сапатынын динамикасын изилдөө.

4.1.2. Ченемдик укуктук, усулдук материалдарды иштеп чыгуу жана университетте билим берүүнүн сапатына ички мониторинг жүргүзүү.

4.1.3. Окуу китептеринин, анын ичинде электрондук китептердин, кадрлардын, материалдык-техникалык базанын жана окуу процессин камсыз кылуучу башка материалдардын болушуна мониторинг жүргүзүү.

4.1.4 Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында менеджмент системасын калыптандырууда факультеттердин, колледждердин жана кафедралардын ишмердүүлүгүн координациялоо.

4.1.5 Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу. Билим сапатынын төмөндөшүнүн себептерин аныктоо жана аларды жоюу боюнча сунуштарды берүү.

4.1.6. Билим берүү процессин ресурстук жактан камсыздоонун сапатын текшерүү жана сунуштарды берүү.

4.1.7. Окуу пландарынын мамлекеттик билим берүү стандарттарына же ЖАМУда иштелип чыккан мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык келүүсүнө экспертиза жүргүзүү.

4.1.8. Даярдалып жаткан адистиктердин окуу куралдары жана окуу-усулдук комплекстер менен камсыз болушун талдоо жана сунуштарды берүү.

4.1.9. Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу боюнча окутуунун инновациялык технологиялардын колдонулушун жана аларды жайылтуу иштеринин деңгээлине мониторинг жүргүзүү.

4.1.10. Семестр жана окуу жылы ичинде студенттердин калдык билимин текшерүүнү жүргүзүү жана талдоо жасоо.

4.1.11. Студенттердин жана окутуучулардын арасында билим берүүнүн сапатын жакшыртуу боюнча жолугушууларды, анкеталалоо, социологиялык иликтөөлөрдү жүргүзүп, жыйынтыгын талдоо жана сунуштарды берүү.

4.1.12. Факультеттерде, кафедраларда иш берүүчүлөрдүн, бүтүрүүчүлөрдүн, ата-энелердин пикирлерин, сунуштарын аныктоо максатында жүргүзүлгөн сурамжылоону (анкеталоону) координациялоо.

4.1.13. Профессор-окутуучулардын өз ара сабактарга катышуусу боюнча уюштурулган иш-чараларды көзөмөлдөө жана сунуштарды берүү.

4.1.14. Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында башка окуу жайлардын тажрыйбасын үйрөнүү жана жалпылоо, университетте пайдалануу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

4.1.15. ЖАМУнун алдындагы орто жана жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринде билим берүүнүн сапатын жогорулатуу боюнча көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу жана аткарылышын көзөмөлдөө.

4.1.16. Университетте билим берүүнүн сапат системасынын ишмердүүлүгүнө ички баа берүү механизмин өркүндөтүү.

4.1.17. Факультет, колледждерде жана университетте сапат кеңештерин түзүү жана кеңештин ишин координациялоо.

4.1.18. ЖАМУдагы билим берүүнүн сапаты саясатын жалпы университеттин өнүгүү багытынын негизинде жүргүзүү.

4.1.19. Буйруктарды жана сунуштарды аткаруу аркылуу университетте сапат менеджментин өнүктүрүүгө жана бекемдөөгө жана билим берүүнүн сапатын башкарууну уюштурууга көмөк көрсөтүү.

4.1.20 Студенттердин билим берүү программаларынын негизинде алган аралык жана жыйынтыктоочу текшерүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү.

4.1.21. Студенттердин компетенттүүлүгүн калыптандыруу боюнча профессордук-окутуучулук курамдын ишмердүүлүгүн текшерүүнү ишке ашыруу.

***Лицензия алуу жана лицензиялык талаптардын аткарылышы боюнча:***

4.2.1. Факультеттер (колледждер), кафедралар (ПЦК) тарабынан жаңы адистиктерди ачуу боюнча сунуштарды анализдөө. Лицензиялык талаптардын негизинде жетекчилик кылуу жана экспертизалоо.

4.2.2. Жаны билим берүү программаларына лицензия алуу үчүн документтердин жалпы топтомун даярдоо.

4.2.3. Жаңы билим берүү програмаларына лицензия алуу.

4.2.4. Лицензия боюнча ишке ашырылып жаткан билим берүү программаларына лицензиялык талаптардын аткарылышы боюнча мониторинг жүргүзүү.

4.2.5. Билим берүү мекемелерин лицензиялоо боюнча жобонун негизинде алынган лицензияларды кайрадан тариздөө боюнча иш кагаздарын жүргүзүү.

4.2.6. Билим берүү мекемелерин лицензиялоо боюнча жобонун негизинде ишке ашырылып жаткан билим берүү программаларынын лицензиялык талаптарынын аткарылышы боюнча пландуу жана пландан тышкаркы текшерүүлөрдүн иш кагаздарын жүргүзүү.

***Окуу жайды жана билим берүү программаларын көз карандысыз аккредитациядан өткөрүү боюнча:***

4.3.1. Окуу жайды институционалдык аккердитациядан өтүү боюнча түзүмдүк бөлүмдөрдүн ишмердүүлүгүн координациялоо, маалыматтык-усулдук жардам берүү, текшерүү жана талдоо.

4.3.2. Университетте ишке ашырылып жаткан билим берүү программаларын программалык аккердитациядан өтүү боюнча иш кагаздарын даярдоо жана факультеттердин, колледждердин, кафедралардын ишмердүүлүгүн координациялоо, маалыматтык-усулдук жардам берүү, текшерүү жана талдоо.

4.3.3. Аккредитациялык агенттиктер менен аккредитациянын талаптарына ылайык эки тараптуу келишимдерди түзүү.

4.3.4. Аккредитациялык агенттиктер тарабынан түзүлгөн сырткы эксперттик комиссиянын отчетунун негизинде иш чаралардын планын иштеп чыгуу жана көзөмөлдөө.

4.3.5. Аккредитациядан кийинки мониторингдин иш кагаздарын даярдоо жана отчеттордун даярдалышын, иш чаралардын уюштурулушун көзөмөлдөө.

***Окуу жайды жана билим берүү программаларын эл аралык рейтингдерге катышуусун координациялоо:***

4.4.1. Университеттин улуттук жана эл аралык рейтингдерге катышууга документтерди даярдоо, катышууну уюштуруу, факультет колледждерге маалымдоо, жыйынтыгын талдоо жана коомчулукка маалымдоо.

4.4.2. Университетте ишке ашырылып жаткан билим берүү программаларын улуттук жана эл аралык рейтингдерге катышуусун иш жүзүнө ашыруу жана сунуштарды берүү.

4.4.3. Улуттук жана эл аралык рейтингдердин жыйынтыгы боюнча талдоо жүргүзүү жана сунуштарды даярдоо.

**5. Бөлүмдүн укуктары**

Лицензиялоо, аккредитациялоо жана билим берүүнүн сапаты бөлүмү төмөндөгүлөргө укуктуу:

5.1. Университеттин структуралык түзүмдөрүндөгү билим берүү жана сапатты жогорулатуу маселелери боюнча маалыматтарды талап кылат жана аларды алат.

5.2. ЖАМУдагы окуу процессинин жүрүшү боюнча маалыматтарды ала алат.

5.3. Билим берүүнүн сапатын жакшыртуу саясаты боюнча приоритеттүү багыттарды аныктайт жана ишке ашыруунун стратегиясын жана тактикасын сунуштай алат.

5.4. Структуралык түзүмдөрдөгү сапаттуу билим берүүгө байланыштуу ачыкка чыгарылган кемчиликтер боюнча жоопторду талап кыла алат жана окуу иштери боюнча проректорго, ректорго сунуштарды даярдайт.

5.5. Окуу иштери боюнча проректор менен макулдашуунун негизинде жана ректордун уруксаты менен билим сапатын башкарууну жакшыртуу боюнча Окумуштуулар кеңешине сунуштарды даярдайт.

**6. Жоопкерчилиги**

6.1. Лицензиялоо, аккредитациялоо жана билим берүүнүн сапаты бөлүмүнө (ЛАББСБ) жүктөлгөн милдеттерди аткаруу жоопкерчилиги бөлүмдүн жетекчисине жүктөлөт.

6.2. Бөлүмдүн кызматкерлери жогорку турган органдарга даярдалган маалыматтардын тактыгы үчүн жоопкерчиликтүү болушат.

6.3. Бөлүмдүн кызматкерлери билим берүүнүн сапатын жогорулатуу боюнча окуу процессинин жүрүшүнүн абалына дайыма көзөмөл жүргүзүүгө милдеттүү.

6.4. Бөлүмдүн ар бир кызматкери өзүнө жүктөлгөн кызматтык милдеттеринин негизинде аткарылган иштин сапатына жооп берет.

**7. Өз ара мамилелер**

7.1. Бөлүмдүн кызматкерлери өздөрүнүн ишмердүүлүгүнө байланыштуу болгон университеттин буйруктарын, ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин чечимдерин, башка жогору турган органдардын чечимдерин ишке ашырат.

7.2. Билим берүүнүн сапаты менеджментин түзүү, ишке ашыруу жана өнүктүрүү маселеси боюнча бөлүм факультеттер, колледждер, кафедралар жана башка структуралык түзүмдөр менен өз ара мамилелерди түзөт.

7.3. Университеттин жалпы кызыкчылыгы үчүн башка мекеме-уюмдар, окуу жайлар менен кызматташат.

**8. Уюштуруу жана жоюу тартиби**

8.1. Бөлүм университеттин Окумуштуулар кеңешинин чечиминин негизинде, ЖАМУнун ректорунун буйругу менен жоюлат жана кайра түзүлөт.

8.2. Бөлүмдүн жобосу университеттин Окумуштуулар кеңешинде талкууланат жана бекитилет, ал эми кызматкерлердин милдеттери окуу иштери боюнча проректордун сунушу менен бөлүштүрүлөт. Ошондой эле, бөлүмдүн кызматкерлери университеттин жетекчилигинин оозеки жана кошумча тапшырмаларын аткарышат.